Бекитемин:

Мектеп директору:                    Н.Алимбекова

№95 Таабалды Жоробеков атындагы орто мектебинин Манас Жаштары Уюмунун жобосу.

1.Жалпы жоболор

1.Манас Жаштары Уюму №95 Таабалды Жоробеков атындагы орто мектебинде түзүлгөн уюм.

1.1.Уюмдун мүчөсүнө 8-11-класстардын окуучулары шайланып катышууга укугу бар.

1.2. Уюмдун өзүнун символу, ж.б. реквизиттери болот.

2. Максаттары жана милдеттери: Уюмдун максаты:

- Областын, райондун, мектептин деңгээлиндеги проблемаларды, иш чараларды, акцияларды жүзөгө ашыруу.

- Педагогикалык жамаат жана окуучулар менен тыгыз байланышта иш алып баруу.

- Балдардын укугу боюнча Конвенцияны, Кодекстин, КР билим берүү боюнча закондорунун, Уставынын негизинде иш алып баруу менен окуучуларды коомдук иш чараларга активдүү катышууга багыттоо.

- Окуучулардын өз укугун коргоого, милдеттерин аткарууга колдоо көрсөтүү.

- Манас Жаштары Уюмунун негизги милдети мектептеги ар бир окуучунун укугу жана милдеттери түшүндүрүү жолдору аркылуу ишке ашыруу саналат.

- Тартип бузучулукту алдын алуу иштерин, окуучулардын билим сапатын жогорулатууга комок көрсөтүү.

3. Уюмдун түзүмү, анын ишмердиги жана башкаруу системасы

3.1. Уюмдун жана анын мүчөлөрүнүн башкы органы болуп жалпы чогулушу эсептелинет. Ал кеңеш тарабынан 2 айда 1-2ден кем эмес чакырылат.

3.2. Жалпы жыйналышты өткөрүүнүн демилгечилери уюмдун ар бир мүчөсүнө жыйналыштын качан, кайсы жерде болорун көрсөтүлгөн чакыруу барагын жиберүүгө милдеттүү.

3.3. Жалпы жыйналыш ага уюмдун мүчөлөрүнүн 2\3 бөлүгүнөн кем эмес катышканда гана укуктуу болот. Жыйналыштын добушу ачык добуш беруу менен жана катышуучулардын көпчүлук добушу менен кабыл алынат.

3.4. Жалпы жыйналыштын компетенциясына төмөнкү милдеттер кирет.Манас Жаштары Уюмун түзүү, кайра уюмдаштыруу жана жоюу боюнча маселелерди чечүү.

Уставды бекитүү:

Уставга өзгөртуулөрдү жана толуктоолорду киргизуу өзун-өзу башкаруу уюмунун кеңешинин мүчөлөрүнүн сандык курамын аныктоо, тандоо жана кайра чакырып алуу.

Кеңештин (жана көзөмөлдөө-текшерүү комиссиясынын) ар айдагы отчетун бекитүү.

3.5. Кеңештин мүчөлөрү өзүлөрүнүн курамын ичинен (жеке кеңештин чечими менен) президентти шайлашат. Кеңештин гана компетенциясына төмөнкү милдеттер кирет.

- Уюмга мүчөлөрдү кабыл алуу жана мүчөлүктөн чыгаруу:

- Манас Жаштары Уюмунун ишмердигинин программасын бекитүү:

3.6. Манас Жаштары Уюмунун президенти:

- Мектептин администрациясына квартал сайын уюмдун ишмердиги тууралуу маалымат берип турат:

- Администрациянын окулүнө уюмдун ишмердиги менен таанышууга көмөк көрсөтөт:

- Кеңештин жыйынында даярдык жүргүзүүнү жана жыйынды уюштурат:

- Уюмдун ишмердигинин программасын ишке ашырууну камсыз кылат:

- Уюмдун ишмердигин жетектейт:

- Уюштуруу-башкаруу милдеттерин аткарат:

- Манас Жаштары Уюмунун атынан тийиштүү документтерге кол койот:

4. Манас Жаштары Уюмунун мүчөлөрү, алардын укуктары жана милдеттери:

4.1. Манас Жаштары Уюму жеке мүчөлөрдөн түзүлөт.

4.2. МЖУнун жеке мүчөлөрү болуп Кыргыз Республикасынын граждандары. Уставдын максат жана шарттарына баш ийген чет элдик граждандар жана граждандыгы жоктор, динине, тилине, социялдык абалы, мүлктүк шарт ж.б. абал, өзгөчөлүктөрүнө карабай 8 жашка жеткен устав тааныгандар кабыл алынат.

4.3. Жеке мүчөлөрдү кабыл алуу тартиби:

- МЖУнун мектептеги жетекчисинин атына арыз берилет.

- Арыз кабыл алган мектеп жетекчиси бир жуманын ичинде МЖУнун мү чөлүгүнө кабыл алуу боюнча чечим чыгарат.

- МЖУнун мүчөлүгүнө кабыл алуу боюнча арыз өтпөй калган учурда арыздануучу МЖУнун жогорку органына арызданууга укуктуу.

4.4. МЖУна жекече мучөлук 35 жашка чейин сакталат. 35 жашка жеткенден кийин МЖУнун ардактуу мүчөсүнө ээ.

- Уюм өткөргөнн иш-чараларга катышууга

4.5. Уюм мүчөлөрү төмөнкү милдеттерге ээ:

- Мүчөлүк акыны, айына 1 сом, убагында төлөп турууга (эгер мүчөлүк акы бар болсо):

- Уюмдук уставын сактоого:

- Уюмдун ишмердигине катышууга:

- Уюмдун жетекчи органынын чечимдерин аткарууга:

- Уюмдун жалпы жыйналыштарына катышууга: